
# Аудиокитеп



Автор: Үмүтай Шукурбай кызы

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Аудиокитеп

Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/

Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Аудиокитеп" (кыргыз тилинде), автор Үмүтай Шукурбай кызы, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




– Мен бир күндө эки жүз бет китепти окуй алам, – деп мактанды Санжар.

– Болушу мүмкүн эмес. Бир күндө ашып кетсе элүү бет китеп окуй алабыз, – деди Мирзат.

Акмарал да Мирзаттын сөзүнө кошулду. Ошентип, үчөө талаша кетишти.


Алар китепканадан "Кыргыз эл жомоктору" китебин алып, бир күндө ким канча бет, канча жомок окуй аларын текшермей болушту.

– Мына, эми көрөбүз, ким канча окуй алат экен? – деп Мирзат менен Акмарал Санжарды карап жылмайышты.



Үчөө кошуна жашашат. Китептерин алып, үйлөрүнө кирип кетишти. Акмарал менен Мирзат короодо китеп окуп отурушту. Санжар болсо смартфонун көтөрүп, кулагына наушник тагып алган. Бирде дүкөнгө барса, бирде короодо жумуш жасап жүрдү. Эртеси сабактан кийин ким канча бет окуганын текшеришти.





– Мен 53 бет, 12 жомок окудум, – деди Мирзат белгилеп койгон китеп бетин көрсөтүп.

Акмарал 68 бет, 16 жомок окуптур. Эми экөө, Санжарды күтүп калышты. Анткени алар Санжардын смартфонун көтөрүп жүргөнүн көрүшпөдү беле!

– А мен 153 бет окудум! – деди Санжар үнүн бийик чыгарып.




– Кантип эле? Сен короодо эле жүрбөдүң беле? Кайсы убакта окуп жетиштиң? Анда 80-беттеги "Акыл Карачач" жомогун айтып берчи, – дешти, экөө ишенбей. Санжар айтып берди. Алар дагы ар кайсы беттеги, ар кандай жомокторду сурашты. Санжар шашпай баарын айтып жатты. Экөө Санжардын китепти качан окуп үлгүргөнүн түшүнбөй, аны суроолуу карап калышты.


– Достор, мен болгону китептин аудио вариантын, аудиокитепти интернеттен таап окудум.

– Аудиокитеп дейсиңби? – деди достору.

– Ооба, мага аудиокитеп окуганды эжем үйрөткөн. Ал менин смартфонума тиркемесин жүктөп берген. Ал смартфонун барактап көптөгөн аудиокитептерди көрсөттү.









– "Аудио" сөзү латын тилинен которгондо "угуу" дегенди түшүндүрөт экен. Ал эми аудиокитептер бул атайын диск, кассета же болбосо аудиофайлдарга жазылып алынган адабий чыгармалар.

Биринчи жолу аудиокитеп 1980-жылдары Германияда жазылган. Бүгүнкү күндө мындай китептер абдан популярдуу.





Ал убакытты туура пайдаланып, үнөмдөөгө жардам берет экен, – деп Санжар түшүндүрүп берди.

– Түшүнүктүү. Мисалы, мектепке бара жатканда, коомдук унааларда, кээде ойноп жүргөндө укса болот турбайбы. Бирок, аудиокитептерди көчөдө угуу кооптуу жана ашыкча көп угуп жүрүү дагы ден соолукка зыян, – деди Акмарал.



Мирзат менен Акмарал эмнеге Санжар кээде кулагына наушник салып, смартфонун көтөрүп жүргөнүн түшүнүштү.

– Санжар, бизге да аудиокитепти кантип жана кайдан окуганды көрсөтчү, – деп смартфондорун беришти.

Үчөө чогуу отуруп аудиокитеп угушту. Балдарга окуунун мындай жаңы заманбап ыкмасы абдан жакты.


Угуп отуруп, аларга башкача бир идея келди! Ооба, алар өздөрү аудиокитеп жаздырышат!




Эртеси сабактан кийин, Санжардын үйүнө барышты. Интернеттен аудиокитеп жаздыруу тууралуу маалыматтарды окуп, видеолорду көрүштү.

– Демек, биз китеп жаздыруу үчүн атайын студияга барышыбыз керек тура, – деди Акмарал ойлуу.





– Ооба, бирок биз өзүбүз үй шартында да студия жасасак болот. Китеп жаздыруудагы эң негизги талап – бул тынчтык турбайбы.




Ар кандай ашыкча үндөр угулбашы үчүн атайын акустикалык панелдерди орнотуу керек экен. Ал үчүн биз бул столду бөлмөнүн бурчуна жылдырып, айланта жумшак жаздыктарды курчап, тизип коёбуз.

Ал эми бөлмөнүн эшигин, терезесин жана парданы сөзсүз жабуу керек. Алар дагы ашыкча үндөрдү өткөрбөй, акустикалык панелдердин кызматын аткарат, – деди Санжар баарын пландап.



– Эң сонун! Келгиле, анда баштайлы! – деп балдар Санжар айткандай кылып студия жасап башташты.

– Кимдин үнү уккулуктуу, жагымдуу жана так чыгат? – деди Мирзат студия даяр болгон соң.






Бир куплеттен ыр окуп, үндөрүн текшеришти. Баарынын үнү мыкты. Эмнеге үчөө тең окуганга болбосун! Балдар китепти ролдорго бөлүштүрүп, чогуу окумай болушту. Алар аудиокитеп даярдоо үчүн китепканадан алган "Дүйнө элинин жомоктору" китебин тандап алышты.




Жаздырууну баштоодон мурда, суу ичип, артикуляциялык көнүгүүлөрдү жасап, үндөрүн даярдашты. Анткени, көнүгүүлөр ар бир тыбышты, сөздү туура жана так айтуу, дикция үчүн маанилүү. Аны алар китептен окушкан.

Бир жомокту жаздырып бүтүп, дагы бир жолу угуп көрүштү. Андан соң, Санжар AudioMaster тиркемеси аркылуу ашыкча үндөрдү өчүрүп, аудиожаздырууну оңдоп, видео кылып монтаждады.



Алар ютубдан "Аудиожомок" деп атайын канал ачып, жаздырган китепти жүктөштү.

– Ура-а! Биздин биринчи аудиокитеп даяр! Мен муну кечинде сөзсүз иниме уктурам, – деди Акмарал күндө “жомок айтып бериңизчи” деген инисин эстеп.





Аудиокитеп жаздыруу аларга абдан жакты. Эми дагы көптөгөн жомокторду, аңгеме, ырларды окуп жаздырышат.

Эң негизгиси, алар ачкан каналга классташтары, жалпы өлкөдөгү достору жазылышып, угуп, китеп окуганга да шыктанышат...

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Үмүтай Шүкүрбай кызы
Сүротчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли